

**Тимур САРАЛАЕВ:**
"Энергетикалык коопсуздукту бекемдөө үчүн жасалып жатат..."
3-БЕТТЕ



**Искендер ШАРШЕЕВ:**
"Мамлекет жаман менеджер боло бербеши мүмкүн"
4-БЕТТЕ




**Ажо Атамбаев Кыргызстанды «Газпромго» көз каранды кылып койгон**
5-БЕТТЕ

№5 (3454)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Шейшемби, 2023-жылдын 24-январы

# Эркин-Тоо

www.erkin-too.kg

# ТАШИЕВ "АЯЛЫМА МАШИНА, БАЛАМА ҮЙ АЛЫП БЕРЕМ" ДЕГЕН ЧИНОВНИКТЕРДИ ЭСКЕРТТИ


5-БЕТТЕ

## ЧЫКАНАКТАЙ АЛМАКЕ БИШКЕК ЭЭАны БАШКАРАТ



Бир айдан бери Алмамбет Шыкмаматовдун кызматка келээр-келбеси тууралуу күбүр-шыбырлар күчөп кетпеди беле. 19-январь күнү мындай маалыматтарга Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров чекит коюп, Алмамбет Шыкмаматовду Бишкек Эркин Экономикалык аймагынын башчылыгына дайындады. Саясат гана эмес, мамлекеттик башкаруудан да тажрыйбасы бийик каарманыбыз бул кызматтан камчы салдырбаса керек. Материалдык жактан тылын бекемдешти пландабай, ниетти түз кылса аталган тармактын башчылыгын көркүнө чыгара аткарары турган иш.

## ГЕНЕРАЛ БЕКБОЛОТОВ БЕЛАРУСКА БАРДЫ. ЭМНЕ ӨЗГӨРӨТ?



Коргоо министрибиз Бактыбек Бекболотов Беларусь өлкөсүнө барганы маалым болду. Буга чейин беларустук кесиптеши менен телефон аркылуу сүйлөшкөн генерал-лейтенанттын сапары эл аралык аскерий кызматташуунун алкагында болгондугу мекеменин расмий сайты жарыялады. Мындан башка маалыматтар аскер адамдарына байланыштуу ашыкча жарыяланбасы белгилүү да. Неси болсо да генералыбыз жеңил барып, оор келсе болду го? Келди-кетти катардагы сапар кылып, мамлекеттин казынасына залал келтирбей. Чын да!

## ГЕНЕРАЛ САМАТ КУРМАНКУЛОВ МОСКВАГА ДАРЫЛАНУУГА ЖӨНӨТҮЛДҮ



Эсиңерде болсо, 2019-жылы Кой-Таш окуясында "эки достун" тирешинин айынан ден соолугунан олуттуу жабыркаган Самат Курманкуловдон кабарчыбыз кабар алган жайы бар. Генералдын ал-абалын, дарылануусуга муктаж экенин кабарчыбыз соцтүйүндөр аркылуу коомчулукка кабардар кылаар замат эл өкүлү Жеңиш Токторбаев дароо колун сунуп, материалдык жактан көмөгүн көрсөткөн эле. Муну менен чектелбеген Жеңиш мырза узаган жуманын соңунда генерал Курманкуловду дарылануу үчүн Москвага жөнөттү. Анын мындай соопчулук аракетин ТИМ башчысы Жээнбек Кулубаев, Россиядагы элчибиз Гүлнара Клара-Самат, "Манас" аба майданынын башчысы Манас Самудинов колдонбуттан алып, чоң салымдарын кошушту. Бу Жеңиш Токторбаев парламенттен оргу-баргы сүйлөгөнү менен тилинен чыккан кебин иш жүзүндө далилдеп келет. Анын мындай аракетин колдоп койгонго неге болбосун?!

## НУРЖИГИТ КАДЫРБЕКОВ "КЫРК ЖЫЛКЫЛУУ" БОЛДУ

Жогорку Кеңештин депутаты, көп кырдуу талант Нуржигит Кадырбеков эки күн мурун кыздуу болду. Куттуктайбыз! Жакшыдан жакшылар төрөлө берсин... Кичинекей наристеге Жараткан өмүрүн, ден соолугун, ыйманын кошо берип, кичинекей наристе артынан эгиздеп-сегиздеп эркек уулдарды ээрчите келген болсун! Мындай жакшылыкка ортоктош болуп, Ала-Тоо ичине жарыялап ийгендин өзү да кубаныч эмей эмне?!

"ЭРКИН-ТОО"
*гезитине жазылууну эстен чыгарбаңыз!*
**2023-жылдын 5 айына жазылуу баасы:**
**Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 5 айга:**
**которуу жолу менен – 1144 сом 60 тыйын;**
**накталай төлөө жолу менен – 1165 сом.**
***Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат.***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

Иш-жума

# АЭРОПОРТТОРДУН АЙМАГЫ КЕҢЕЙҮҮДӨ

Президент Садыр Жапаров 20-январда Ысык-Көл облусуна болгон жумушчу сапарынын алкагында «Ысык-Көл» жана «Каракол» эл аралык аэропортторун модернизациялоо долбоорлору менен таанышты.

«Ысык-Көл» аэропортунда саатына 450 жүргүнчүнү кабыл ала турган аэровокзал комплексинин жаңы имаратын куруу пландалууда. Учурдагы комплекс 2003-жылы курулган жана азыр жүргүнчүлөрдүн агымынын көбөйүшүнө туруштук бере албагандыктан, аэропорттун аймагын кеңейтүү иш-чаралары жүргүзүлүүдө. Келечекте бул жерде «Тамчы» эркин экономикалык аймагы түзүлүп, «Каракол» жана «Балыкчы» ЭЭАлары жоюлат. Бул аймакта өндүрүштүк жайлар, туристтик комплекстер жана башка объекттер жайгаштырылат.

Президент Садыр Жапаров «Ысык-Көл» жана «Каракол» аэропортторун модернизациялоо боюнча иштерди күчөтүүнү, алар бардык эл аралык жарандык авиация талаптарына жооп бериши керектигин белгиледи.

Андан сырткары «Ысык-Көл», «Каракол», «Нарын», «Ош», «Жалал-Абад» аэропортторун реконструкциялоо пландалууда, Талас облусунда аэропорт ишке киргизилет. Учурда «Баткен» жана «Казарман» аэропортторунун аэродромдорунун элементтеринин ондоокалыбына келтирүү иштери жүрүп жатат.



## Татыктуу жолду басып өтүштү

Беларусь Республикасынын Президенти Александр Лукашенко Президент Садыр Жапаровду Беларусь менен Кыргызстандын ортосунда дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгына байланыштуу куттуктады.

«Достуктун жана сыйурматтын салттарына таянуу менен акыркы он жылдыкта биздин мамлекеттер татыктуу биргелешкен жолду басып өтүштү.

Биргелешкен күч-аракеттер менен биздин өнөктөштүгүбүздүн бекем пайдубалы эки өлкөнүн жана элдин кызыкчылыгында мындан ары да чыңдалат деген ишенимди билдирем», - деп айтылат куттуктоодо.

## КЫРГЫЗ АЯЛДАРЫ МАМЛЕКЕТТИН ӨНҮГҮШҮНӨ ЭБЕГЕЙСИЗ САЛЫМ КОШУП КЕЛЕ ЖАТЫШАТ




Кыргыз Республикасынын Биринчи айымы Айгүл Жапарова Тегеранда (Иран Ислам Республикасы) илим жана маданияттагы таасирдүү аялдардын Биринчи эл аралык Конгрессинде: «Кыргызстанда аялдар – өлкөнүн экономикалык турмушунун активдүү катышуучулары. Аялдардын ийгиликтүү экономикалык ишмердүүлүгү республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошуп жатканы талашсыз», - деди.

Бул чоң форум бардык аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча жалпы ишке маанилүү түрткү болорун белгилеген Айгүл Жапарова, Конгресс аялдардын коомдун өнүгүүсүнө кошкон салымынын маанилүүлүгүн талкуулоо, аялдардын лидерлигинин факторлорун кайра карап чыгуу жана иш-чарага катышкан өлкөлөрдүн өнүгүүсүнүн биргелешкен стратегиясын түзүү үчүн жакшы диалог аянтчасына айланат деген ишенимин билдирди.

Кыргызстан аялдары ар убакта өз мамлекетинин өнүгүшүнө жана гүлдөшүнө эбегейсиз салым кошуп келишкен. Аялдын активдүү катышуусу болбосо, көп улуттуу элибиздин руханий дөөлөттөрүнүн кайра жаралуусун жана көбөйүшүн, коомдун адептүүлүгүнүн чыңдалышын элестетүү мүмкүн эмес экендигин белгилеп өттү.

Биринчи айым "Эне — балага тирек" коомдук фондун жетектейт. Фонд балдарга жана энелерге жардам берүү, алардын жашоо сапатын жакшыртуу, мүмкүнчүлүктөрүн коргоо жана өнүктүрүү максатында иштелип чыккан.

Сөзүнүн аягында Конгресс аялдардын лидерлигин жана анын ар түрдүүлүгүн өнүктүрүүгө маанилүү салым кошот жана бардык өлкө-катышуучулардын тажрыйбасын колдонуп, жалпы ийгиликтердин пайдубалын түзө алат деген ишенимин билдирди.

## БЮДЖЕТ 500 МЛРД СОМ ӨЛЧӨМҮНДӨ БЕКИТИЛДИ

Өткөн жумада Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров облустук мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин катышуусунда өткөн республикалык кеңешмеде координацияланган финансылык, фискалдык жана акча-кредиттик саясаттын, жаңы ишканаларды ишке киргизүүнүн натыйжасында ИДПнын номиналдык көлөмү - 919,4 млрд сомду, же өсүш 107%ды түзгөндүгүн билдирди.



Бул кошуна жана Евразиялык экономикалык биримдик өлкөлөрүнө салыштырмалуу туруктуу жана алдыңкы көрсөткүч болуп саналат.

Консолидацияланган бюджеттин номиналдык өсүшү 190,6 млрд сомду, же 177%ды түзсө, ошол эле учурда салыктык кирешелер 229 млрд сомго, же 100,5%га өскөн.

“Эки жылда өсүү темпи 214%ды, же номиналдык жактан салыктык кирешелер 2 эсеге көбөйдү. Тартыштык 13,5 млрд сомду түздү. Айлык, пенсия, пособиелерди көтөрүп, курулуштарга, айыл чарбасына, өлкөнүн коргонуу коопсуздугун камсыздоого, мамлекеттик карызды тейлөөгө олуттуу каражаттарды жумшаганыбызга карабастан, жылдын аягында 16,2 млрд сом каражатыбыз калды, анын ичинде бюджеттик каражаттар 9,9 млрд сомду түзөт», - деген Акылбек Жапаров 2023-жылы республикалык бюджет 500 млрд сом өлчөмүндө бекитилгендигин кошумчалады.

Тоо-кен тармагынан 48,3 млрд сом киреше кирип, бул көрсөткүч мурунку жылдарга салыштырмалуу эки жарым эсеге жогору болгон.

«2021-жылы «Кумтөрдөн» 10 тонна алтын алдык, 2022-жылы бул көрсөткүч 17,2 тоннаны түзгөн, ошол эле учурда Улуттук банктын маалыматы боюнча азыр бизде 40 тоннадан ашуун таза алтын калууда. Мындан ары ири кен байлыктарыбызды мамлекет өзү иштетет, алардан түшкөн кирешелер жалпы элдин муктаждыгына жана стратегиялык долбоорлорду ишке ашырууга жумшалат», - деди Акылбек Жапаров.

Кеңешменин жүрүшүндө таза суу менен камсыз кылуу маселесине токтолуп, быйыл ичүүчү сууга болгон баа саясатын өзгөртүү зарылдыгын айтты. “Ичүүчү сууга болгон баанын өздүк наркын аныктоо боюнча методикалык сунуштарды, жоболорду, укуктук документтерди тезинен даярдоо зарыл. Суунун бир куб метрине (1000 литр) Бишкектин бир тургуну 5 сом 38 тыйын төлөйт, анын өздүк наркы 7 сом 70 тыйын. Ал эми кранда канчалаган куб сууну агызып колдонуп жатканыбыз үчүн эч ким реалдуу бааны төлөгөн жок», - деди.

## КЫРГЫЗСТАН ЧЕЧҮҮЧҮ РОЛДУ ОЙНОЙТ



Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов “Эл аралык Тоолорду туруктуу өнүктүрүү жылынын” жыйынтыгына арналган “Экологиялык жана социалдык-экономикалык коопсуздук – тоолорду туруктуу өнүктүрүүнүн фактору катары” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда жакынкы беш жылда Кыргыз Республикасы тоолорду туруктуу өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин глобалдык күн тартибин жетектерин, анын жыйынтыгы катары Бишкекте 2027-жылы өтүүчү Экинчи Тоо саммити саналаарын белгиледи.

«Дүйнөлүк климаттын өзгөрүүсү тоолордун калыптанган жашоо образына көптөгөн олуттуу кесепеттерин, анын ичинде суу ресурстарынын азайышы, мөңгүлөрдүн бузулушу, флора жана фаунанын өзгөрүшү сыяктуу коркунучтарды туудурган шарттарда Кыргыз Республикасынын жетекчилиги бул маселе боюнча илимий изилдөөлөрдү мобилизациялоодо, климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине ыңгайлашуу жана аны жумшартуу, ошондой эле тоолорду туруктуу өнүктүрүү үчүн шарттарды жакшыртууга дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн буруда, саясий жана экономикалык ресурстарды тартууда өзүнө чечүүчү ролду алды», - деди Эдил Байсалов.

**Даярдаган**
**Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

Президент оюн ачык билдирди



# ЭЛЕКТР ТАРМАГЫБЫЗДЫ ЖОГОТУП АЛУУ КОРКУНУЧУ БАР

Президент Садыр Жапаров Фейсбуктагы баракчасы аркылуу электр энергиясынын тарифин көтөрүү маселеси боюнча элге кайрылуу жасады.

Мамлекет башчысы кайрылуусунда энергетика тармагынын бүгүнкү "мышык ыйлай" тургандай абалына токтолуп, акыркы 15 жылдан бери кыш мезгилинде өзүбүздөн чыккан энергия жетпей учурда 3 млрд кВт электр энергиясын тыштан 3 сомдун тегерегинде (мурдараак 5 сомго чейин) сатып алууга аргасыз болуп жатканыбызды белгиледи. Жыл өткөн сайын электр энергиясын керектөө өсүүдө. 1991-жылы керектөө жылына 9 млрд болсо, азыр 16 млрд кВт электр энергиясын керектейбиз. Элдин саны дээрлик бир жарым эсеге көбөйгөн. Курулуштардын саны да эселеп өскөн. Бирок энергетика тармагында эч бир жаңылануу болгон эмес. Президент эгемендүүлүк мезгилинде бир да ГЭС, чоң кубаттуулуктагы трансформаторлор, жогорку чыңалуудагы электр чубалгылары курулбаганын, электр жабдыктардын эскирүүсү 80%дан жогору экендигин айтты. Ал эми энергетика тармагынын карызы учурда 137 миллиард сомду түзөт.

Садыр Жапаров айткандай 3 сомдон сатып алган электр энергиясы элге 0,77 тыйындан, андан тышкары аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө 50 тыйындан, тоолуу жана алыскы барууга кыйын болгон аймактарга 0,77 тыйындан лимитсиз берилип, ортодогу айырма баягы эле энергетика тармагынын 137 млрд карызынын үстүнө карыз болуп кошулуп келет.

Мамлекет башчысынын айтымында ушул тапта 50гө жакын орто жана кичи ГЭСтер курулуп, Камбар Ата-1 ГЭСин курууга даярдык иштери башталып, жол, көпүрө, туннель куруу, электр аба чубалгыларын тартуу ж.б. иштер жасалып жатат.

Президент кайрылуусунда айрым жерлерде жарык өчүрүлүп жаткан маселеге да токтолуп, веердик өчүрүүлөр эмес, катуу суuктан улам электр энергиясын керектөө бир кыйла жогорулап, электр жабдууларга күч келгендиктен электр жабдыктарды сактоо максатында жана авариялык өчүрүүнүн алдын алуу үчүн жарыкты өчүрүүгө аргасыз болууда деп түшүндүрдү. "Эгерде электр керектөө кубаттуулугун азайтуу иштери өз убагында аткарылбаса, биз эле эмес жалпы Борбордук Азиянын бириккен энергетикалык тутумун системалуу аварияга алып келиши мүмкүн", - дейт Садыр Жапаров. Эске салсак, өткөн жылы 25-январда жалпы Борбор Азия боюнча системалык авария болуп, региондун көпчүлүк бөлүгү жарыксыз калган.

Мамлекет башчысы тармактагы кыйынчылыктарга карабастан эскилиги жеткен электр жабдууларын кесипкөй адистерибиздин күчү менен ондоп-түздөп кышка жакшы даярдык көрүлгөнүн, Кудай буюрса суuктан жакшы эле чыгабыз деген ишенимин билдирип, анча-мынча ыңгайсыздыктар жаралган болсо ал үчүн элден кечирим сурады.

Президент кайрылуусунда энергетика тармагындагы бүгүнкү абал боюнча негизги маалыматтарды бөлүшүү менен электр энергиясына болгон тарифти көтөрүү жөнүндөгү оюн ачык билдирди. "Ушул жылдын май айынан баштап, электр энергиясына болгон тарифти 0,77 тыйындан 1 сомго көтөрөбүз. Антпесек энергетика тармагыбызды биротоло жоготуп алуу коркунучу бар. Себеби, бүгүнкү күндө өзүбүздөн өндүрүлгөн электр энергиянын өздүк наркы чыккан жеринде 21 тыйын болгону менен, энергетиктердин эмгек акысы, эскилиги жеткен трансформаторлорду, зымдарды, мамычаларды алмаштыруулар кошулуп олтуруп 1 кВт/саат электр энергиянын өздүк баасы 2 сом 38 тыйынды түзөт.

Калганын өзүңүздөр талдап көрсөңүздөр болот", - дейт Садыр Жапаров.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

Ой-илик

# ЭНЕРГЕТИКАНЫН ЭРТЕҢИ КАНДАЙ?



Саясий ишмер Тимур САРАЛАЕВ:

## "Кошуна мамлекеттерде абал алда канча татаал"

- Суукка байланыштуу электр жарыгынын маал-маалы менен өчүрүлүп жатышы кызуу талкууга алынып жатат. Мындай көрүнүш кошуна мамлекеттерде дагы катталып, аларда абал бизге караганда алда-канча татаал. Жарыксыз эле калбай, газы жок, жылуулук өчкөнүн жаңылыктардан окуп жатабыз. Ушу тапта электр энергиясы айрым жерлерде 1-2 саатка өчүп калууда. Энергетиктер тынымсыз электр энергиясын үнөмдөөгө чакырып, бул кырдаалды сабырдуулук менен жеңип чыгалы деген өтүнүч менен калкка кайрылышууда. Аны айрымдар түшүнүү менен кабыл алса, кээ бирлер өтө эле саясий боек менен коохдошууда.

Кыргызстанда электр энергиясы жетиштүү, бирок 30 жылдан бери эскирип бүткөн трансформаторлор күч келгенде көтөрө албай жарылып, иштен чыгып жатат. Аларды жаңыга алмаштырганча убакыт өтүүдө. Буга чейин энергетика тармагын алгылыктуу карашкан эмес, талап-тоноолор да болгон. Ага мисал катары 600 долларлык кычкачтарды айтсак болот.

Мамлекет бекеринен "Камбар-Ата 1" сыяктуу ири ГЭСтерди куруу иштерин баштаган жок. Бардык аракет өлкөдөгү энергетикалык коопсуздукту бекемдөө үчүн жасалып жатканын түшүнүшүбүз керек. Президент Садыр Жапаровдун колдоосу менен Таластагы "Бала-Саруу", Нарындагы "Куланак" ГЭСтеринин курулушу да аяктоо алдында турат.

Азыр сабырсыздар жарыктын өчкөнүн трагедия кылышууда. Ар кимди күнөөлөө менен абалдан чыкпайбыз. Суук ашып кетсе бир жумада кетет, буюрса абал турукташат. Бул табият. Азыр электр энергияны маал-маалы менен өчүрүп турбасак, чыныгы көйгөйлөр жаралышы толук ыктымал. Ошондуктан абалды түшүнүү менен кабыл алалы. Андан көрө Өзбекстандагыдай жарык өчүп, газ жок, жылуулук берилбей калган абал болгондон Кудай сактасын. Элибиз Нарындын суугуна, Чоң-Алайдын шамалына, Чаткалдын карына, Кочкордун музуна деле чыдап, кабагым-кашым дебей жашап келе жатышат.

Жеке ишкер Элетбек ОСМОНОВ:

## "Бирдиктүү саясат керек"

- Энергетикалык кризистин негизги себеби - менчик десе эле кокуй сатылып кетти деп чочуй бергендик. Өлкөнүн мурунку президенттери социалдык баш аламандыктан коркушуп, энергетика системасын модернизациялаган эмес. Бүгүнкү күндө бизде ансыз деле электр энергиясын тараткан жеке менчик ишканалар бар. Алар ГЭСтен келген энергияны дүңүнөн сатып алып эле "Түндүкэлектр", "Чыгышэлектр", "Ошэлектр" ж.б. ишканалар сыяктуу кардарларга таратат. Бирок аларга караганда жеке ишканалардыкы бир топ сапаттуу десем жаңылышпайм. Алардын трансформаторлору жаңы, авариялар жокко эсе. Байкашымча өчүрүү деле көп болбойт, тарифи деле эл катары. Ага карабастан өздөрүнө киреше-пайда дагы көрүшөт. Ал эми миллиондогон кардарлары бар экенине карабастан мамлекеттик ишканалар зыяндын үстүнөн зыян эле тартып жүрүшөт. Канча деген киловаттарды "жоголду" деген шылтоо менен жең ичинен сатышууда. Менчик ишканада коррупция болбойт. Болсо дагы мамлекеттик казынага зыяны тийбейт. Эгерде энергетика тармагы менчик ишканаларга өтүп мамлекет тарабынан колдоого алынса, көбүрөөк инвестиция тартылып, кадимки уюлдук операторлордой эле атаандаштык жаратышып, кардарлары үчүн жакшы иштешмек. Айрыкча жаңы курулуштар аларга өз ыктыяры менен уланып, жалпы система жеңилдемек. Мындай жагдайда Американы ачуунун деле кереги жок. Мамлекет тейлеген кайсыл тармак кризиске учурабай, өнүгүп кетти эле? Бирдиктүү саясат менен иш алып баруу керек деп ойлойм.

Бишкек шаарынын тургуну Мекен Сагындыков:

## "Колдон келсе колдоо көрсөтөлү"

- Бүгүнкү күндө Президент Садыр Жапаровдун тапшырмасы менен өлкөдөгү энергетиканы бөлүштүрүүчү жеке ортомчу компаниялардын санынын кыскарганы колдоого татырлык. Ортомчу компаниялар –мамлекеттик мекеме менен кардарлардын ортосундагы электр энергиясын бөлүштүргөн ишканалар. Учурда алардын саны эки эсеге кыскарды. Ал эми үстүбүздөгү жылдын май айынан баштап электр энергиясынын 23 тыйынга кымбатташына айрымдар наараазы болгон менен, көпчүлүк туура эле түшүнүп жатат. Эч болбоду дегенде ар бир үй-бүлө өз керектөөсүнө анализ жүргүзүүсү зарыл. Бардык нерсе ар тараптуу өнүгүп жаткан маалда, электр энергиянын керектөөнүн дагы кубаттуулугу артууда. Өлкөнүн келечеги үчүн 23 тыйындан саясат жасабай, колдон келсе колдоо көрсөтүшүбүз керек. Кыргызда жоктон көрө бар жакшы деген жакшы сөз бар эмеспи. Электр энергиянын баасы кымбаттаса да болуп турганы жакшы.

**Разия ЖООШБАЕВА**

# МҮМКҮНЧҮЛҮК ҮЧҮН МИЛДЕТТЕНДИРИШЕТ

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасы Азамат Муканов ушул жылдын башында Жогорку Кеңеш "КРдеги жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзам долбоору даярдалып жатканын, ага ылайык кыргызстандыктар медициналык камсыздандыруу алууга милдеттендириле тургандыгын билдирди. Мукановдун айтымында жаңы мыйзамга ылайык милдеттүү медициналык камсыздандыруу алуу үчүн ар бир жаран жылына 1 504 сом төлөйт. Ага камсыздандыруу полиси берилген соң, ошол жылы дары-дармек 50 пайыз жеңилдик менен берилет. Ооруканадагы кызматтар үчүн акы арзандатылып, үй-бүлөлүк медициналык борборлордо акысыз дарыгерге көрүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

# КӨЗ ИРМЕМДЕ КӨЗ ЖУМГАН ЭКИ ӨСПҮРҮМ

Ош – Баткен жолунда буга чейин дагы катуу ылдамдыктын кесепетинен көптөгөн кырсыктар катталган. МАИ кызматкерлеринин маалыматтарына таянсак, тегиз, зымыраган асфальт жолдо айдоочулар катуу ылдамдык менен жүрүшөт.

Эскирген автоунаалар көп учурда аласалып, айдоочунун эле эмес жүргүнчүлөрдүн да өмүрү кыйылууда.

Мындан бир аз мурдараак эле дал ушул жолдо бир тарабы тойго шашып, экинчи тарабы футбол көрүүгө ашыгып бара жаткан 8 жаран жан берген болчу. Кайран бөөдө кыйылган өмүрлөргө кейип, айдоочуларды эсиңе кел деп айткың келет.

Айтмакчы 1995, 1997-жылы туулган бул өспүрүмдөр Мерседес-Бенц үлгүсүндөгү бул автоунааны жаңы сатып алышып, Араванга айдап баратып кырсыкка учурады.

Бул окуя башка айдоочуларга сабак болушу керек.

# ЖАҢЖАЛДАН ЖАБЫРКАГАН МЕКТЕП

Кечээ тажик тараптын кол салуусунан жабыркаган Максат айылындагы мектеп ишке берилди. Каргашалуу окуяда Максат орто мектебинин бир канасы өрттөлүп, коридор жана класстар ыш болгон болчу.

Мектептин эмеректери тонолуп, талкаланган. 2022-жылдын 24-ноябрында Бишкек шаарында АРИС тарабынан тендер өткөрүлүп, ЖЧК "Капитал Билдинг ЛДТ" курулуш компаниясы тандалып, 3279694 сом каралган болчу.

2022-жылдын 12-декабрынан баштап оңдоп-түзөө иштери башталып, учурда мектептин жараксыз терезелери алмаштырылып, эшиктери коюлду. Биринчи жана экинчи кабатында класстары толук бүткөрүлдү. Максат орто мектебинде жалпы 230 окуучу билим алат. Азыркы учурда 163 окуучу онлайн окуса, 67 окуучу башка мектептерде убактылуу билим алып жатышат. Мектеп сырдалгандыктан кыш учурунда тез кургабагандыгына байланыштуу окуу эми башталат.

**Адылбек АКМАТОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ЖОЛДУ ИЗДЕГЕН ТАБАТ

# "БАЗАРЫ ЖҮРБӨГӨН" **МЕГАКОМДУН** ЭМИ ИШИ ЖҮРӨБҮ?

ЖАК "Альфа телеком" (MEGA соода маркасы) мобилдик компаниясын жеке менчикке сатуу боюнча акыркы 10 жылдан ашуун убакыттан берки аракет ишке ашпай келет. Өткөн жылдын ноябрь айында Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусу (мындан ары Фонд) тарабынан Мегакомдун наркын баалоочу компанияны аныктоо үчүн сынак жарыяланган. Бирок мындан да майнап чыкпай, декабрдын аягында кайра кайталап конкурс жарыяланды. Сынакка катышуучулар 2023-жылдын 9-январына чейин тиешелүү документтерин тапшырууга тийиш болчу. Бул мөөнөт бүттү. Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусунун өкүлү Чынтемир Ибраимовдун бизге билдирүүсү боюнча сынакка катышуу үчүн жергиликтүү эмес бир компаниядан арыз түшүп, учурда ал Фонд тарабынан каралып жатат. Бүгүнэртең анын жыйынтыгы коомчулукка дайын болушу мүмкүн. Белгилүү болгондой, баалоочу компаниянын көрсөткөн кызматын Фонд 7 млн 800 миң сомго баалаган. Фонддун өкүлүнүн айтуусу боюнча арыз берген компания да өз баасын айтууга укуктуу.

17-январда аталган "Альфа телеком" ЖАКтын башкы директору Нурлан Мамытов Жогорку Кеңештин Транспорт, коммуникация, архитектура жана курулуш комитетинин жыйынында Мегаком компаниясынын баасы алдын ала 12 млрд сомго болжолдонуп жатканын билдирди. Фонд тарабынан өткөн жылдын ноябрь айында эле Мегакомдун наркы 14 млрд сомго бааланган эле. Ал эми 2016-жылы мамлекет компанияны аукционго чыгарып, 19 млрд 7 млн сомго сатуу аракети болуп, бирок ишке ашкан эмес. Баалардын диаграммасынан убакыт өткөн сайын Мегакомдун баасы түшүп жатканын көрүүгө болот.

Эске салсак, 2010-жылы 20-майда Убактылуу өкмөттүн декрети менен ЖАК "Альфа телекомдун" 49% акциясы улутташтырылып, мамлекетке өткөн. Калган 51% акция Алексей Елисеевге таандык чет тилинде аталыштагы эки компанияга тиешелүү болгон. Албетте, бул жерде эмнеге 49% деген суроо чыгышы мүмкүн. Ошол кездеги Убактылуу Өкмөттүн мүчөсү И.Исаковдун Жогорку Кеңеште берген маалыматы боюнча аталган компания тарабынан 49%ын улутташтыруу сунушталган, себеби ал үлүш Максим Бакиевге тиешелүү болгон. Ал эми 2014-жылы Жогорку Соттун чечими менен компаниянын калган 51%ы да мамлекетке берилип, компания 100% мамлекеттик компанияга айланат. Бирок муну менен сот иши токтогон жок. 2017-жылы Penwell Business Ltd аттуу А.Елисеевге таандык делген оффшордук компания Кыргыз Республикасына каршы эл аралык арбитраждык сотко кайрылып, өлкө бийлиги анын "БиМоКом" ЖЧКсынан "Альфа телекомго" салынган инвестициясын тартып алды деген негизде 298 млн доллар өлчөмүндө компенсация талап кылып, доо арызын берет. Сотто Кыргызстандын кызыкчылыгын эл аралык юридикалык компаниянын жана өзүбүздүн юристтерибиз коргогонун белгилеп коюшубуз керек. Акыры 2021-жылы ноябрда Лондондо эл аралык арбитраж Кыргыз Республикасынын пайдасына чечим кабыл алып, доогердин арызы толугу менен четке кагылган.

Айтор ырынан чыры көп Мегаком компаниясы 2010-жылдан бери эле бирде сатылат, бирде сатылбайт менен эле келатат. Мегакомдун акциясынын 49%ы улутташтырылгандан кийин 2011-жылы биринчи жолу аны сатуу боюнча аукцион жарыяланып, ага бир гана Россиялык компания катышуу ниетин билдирип аукцион болбой калган. Анда 49% акция 4,9 млрд сомго бааланган эле. Ошондон ушул күнгө чейин Мегакомду сатуу боюнча 10дон ашык аракет болду десем апырткандык болбойт. Фонд тарабынан компанияга ээлик кылууга Түркия, Кытай, Түштүк Корея, Россия жана Швейцария сыяктуу мамлекеттерден каалоочулар чыгып жатат деп канча айтылды, бирок Мегаком маселеси дагы деле актуалдуу бойдон турат. Балким компаниянын айланасында түгөнбөгөн соттук териштирүүлөр инвесторлордун көңүлүн кайт кылып жатабы, ким билет? Же чыныгы потенциалдуу инвесторлор чыкпай жатабы? Балким убакыт өткөн сайын мобилдик кызмат көрсөтүү тармагы заманбап башка технологиялар алдында актуалдуулугун жоготуу мүмкүндүгүнөн "базары жүрбөй" жатабы?

Антсе да аталган компания кирешесинен чыгымы көп компаниялардын катарына кирбейт. Башкасын айтпаганда да былтыркы жылдын жыйынтыгы боюнча компания алдын-ала маалымат боюнча 1,5 млрд киреше тапкан. Мындан тышкары ушундай эле суммадагы салыктык чегерүүлөрдү бюджетке которгон. Бул тууралуу "Альфа телеком" ЖАКтын башкы директору Нурлан Мамытов 17-январда Жогорку Кеңеште депутат Мурадил Сыдыковдун суроосуна жооп берип жатып айтканын "Тазабек" жазды. Дегеле Мегаком өзүнүн тарыхында чыгашалуу компания болгонун эч ким уккан да эмес, билбейт дагы. Бирок узак убакыттан бери компанияны сатуу аракети болуп келет. Мындай кадам адатта "мамлекет начар менеджер" деген түшүнүккө негизденип, аны саткандан түшкөн каражат бюджетке колдоо болоору менен түшүндүрүлөт.

2015-жылы Өкмөт Мегакомду приватташтыруу тизмесине киргизип, 2016-жылы февралда 19 млрд 7 млн сомго баалап, аукционго чыгарган. Каалоочулар чыкпаган соң баасын 14,4 млрд сомго түшүрүп, кайра сентябрда аукционго чыгарып бирок анда да аукцион өтпөй, сатылбай калган. Азыр мына ушундай эле абал кайталанып жаткансыйт. 2021-жылы Министрлер Кабинети "Альфа телеком" ЖАКты приватташтыруу программасына киргизип, 2022-жылдын аяк ченинде компанияны баалоочу компанияны тартуу үчүн сынак жарыялап, сатууга камылга көрүлүп жаткансыган. Бирок жакында эле Президенттин пресс-секретары Эрбол Султанбаев Фейсбуктагы баракчасына Мегакомдун айланасындагы кырдаалга мындайча түшүндүрмө берди: "менчиктештириле турган объекттердин тизмесине киргизилгенден кийин башкаруучу өзгөрүп, Улуттук банк же Мамлекеттик өнүктүрүү банкы кожоюн болуп калат деп болжолдонууда. Тийиштүү чечим Министрлер Кабинети тарабынан кабыл алынат. Башкача айтканда компания өлкөнүн бюджетин толтурууга салым кошууну улантуу менен мамлекеттин карамагында калат жана банктын көзөмөлү астында тез өнүгөт. Демек, компания эч кандай жол менен жеке колго же чет өлкөлүк компанияларга өтүп кетпейт. Анын үстүнө башкаруучунун алмашуусу калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатынын жакшырышына, MEGA мамлекеттик компаниясын андан ары активдүү өнүктүрүүгө тез алып келет деп күтүлүүдө". Албетте, мындай билдирүү жөн жерден болбосо керек.

Эгерде Президенттин Басма сөз катчысынын түшүндүрмөсүнө таянсак, Мегакомду сатуу чечими токтотулган сыяктанат. Биздин оюбузча саткан күндө деле анын баасы биз каалаган баада болушу күмөн. Себеби, убакыт өткөн сайын мобилдик компаниянын кызмат көрсөтүүсүнө альтернатива болуучу интернетке байланышкан жаңы технологиялардын шартында мындан ары да мобилдик компаниянын баасы өспөйт, тескерисинче дагы арзандашы толук мүмкүн. Андыктан мамлекет компанияны арзан баада жеке колго өткөрүү чечиминен кайтып жатса түшүнүүгө болот. Мобилдик байланыш компанияларынын флагманы болуп турган чакта деле Мегакомду сатып алууга ырыстуу инвестор чыкпай келбедиби. 2017-жылы да мамлекет компаниянын баасын 13,5 миллиард сомго түшүрүп, сатууга койгондо россиялык ишкер аял, "чай ханышасы" аталган Елена Нагорная компанияга ээлик кылууга күтүлбөгөн жерден талапкер болуп чыкпады беле? Бирок Кениядан чай жана кофе ташыган ишкер айымдын миллиондогон долларга коммуникация компаниясын сатып алганга каржылык чама-чаркы деле жок болуп чыккан.

Мегакомду дээрлик жыл сайын сатуу аракети болуп келсе да ишкерлик бедели таза, каржылык жактан бакубат кызыкдар тараптар чыкпагандыктанбы айтор анын "базары жүрбөгөнү" факт. Эми аны колдон чыгарбай мамлекет өз карамагына калтырганы туура эле кадам. Бүкүлү бир сатып жиберип, андан түшкөн каражатты "жеп койбой" жыл сайын бюджет олуттуу киреше алып турса эмнеси жаман? Бир гана нерсе мындан ары мына сатылат, ана сатылат деп илең-салаң болбой кадрдык курамды мыктылап, "базары жүрбөгөн" Мегакомдун ишин жүргүзө алабызбы, кеп мына ушунда.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**



## ДАЙЫМА ЭЛЕ "МАМЛЕКЕТ ЖАМАН МЕНЕДЖЕР" БОЛО БЕРБЕШИ МҮМКҮН

Бир кезде чөнтөк телефон баарыбыз үчүн чоң жаңылык болгон. Убакыт өткөн сайын улам жаңы чыккан интернет технологияларынын атаандаштык шартында "мобилдик компаниялар актуалдуулугун сактап кала алабы?" деген суроо пайда болбой койбойт. Биз мына ушундай суроо менен экономикалык эксперт Искендер Шаршеевдин пикирин сурап көрдүк.

**- Искендер мырза, байланыш технологиялары улам өнүгүп жаткан доордо азыркы мобилдик операторлордун келечегине кандай мүнөздөмө берет элеңиз?**

- Үн байланышы менен иштеген мобилдик операторлордун жана компаниялардын келечеги бир нече факторлордон, анын ичинде 5G технологиясын кабыл алуунун өсүшүнөн, интернетке негизделген байланыш платформаларынын популярдуулугун жогорулатуудан, ошондой эле жасалма интеллектти жана үн менен машина үйрөнүүнүн канчалык көбөйүшүнөн көз каранды болот. 5G технологиясы ылдамыраак интернет ылдамдыгын жана ишенимдүү туташууларды алып келиши күтүлүүдө, бул жогорку дааналыктагы үн жана видео чалуулар сыяктуу үн байланыштары үчүн жаңы колдонуу учурларын камсыз кылат, ошондой эле башка интернет тармактардын өсүшүн шарттайт. WhatsApp, Facebook Messenger жана Zoom сыяктуу интернетке негизделген байланыш платформалары да барган сайын популярдуу болуп баратат жана алардын колдонулушу өсө берет, анткени көп адамдар алыстан иштеп, байланыш үчүн санарип куралдарына таянышат. Акыр-аягы үн байланыштарында жасалма интеллектти жана машиналык үйрөнүүнү колдонуу кеңири жайылат деп күтүлүүдө, анткени бул технологиялар үндөрдү таануу жана транскрипциялоо сапатын жакшыртуу үчүн колдонулат. Жалпысынан үн байланышы менен иштеген мобилдик операторлордун жана компаниялардын келечеги атаандаштыктын күчөшү, ошондой эле жаңы бизнес моделдердин жана киреше агымдарынын пайда болушу менен шартталат.

**- Мамлекет "жаман менеджер" дегенге кошуласызбы?**

- Мамлекет бир нече себептерден улам уюлдук оператордун бизнеси үчүн мыкты менеджер боло албайт деп айтууга болот. Мунун бир себеби, мамлекеттин телекоммуникация тармагындагы жеке компаниялардыкындай деңгээлдеги тажрыйбасы жок болушу мүмкүн. Бул уюлдук операторду башкарууда натыйжасыздыкка жана инновациянын жоктугуна алып келиши ыктымал. Дагы бир себеби, мамлекеттик компаниялар саясий таасирге жана кийлигишүүгө дуушар болот, бул компаниянын же анын кардарларынын кызыкчылыгына туура келбеген чечимдерге алып келет. Бул дагы коррупцияга жана кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланууга алып келиши мүмкүн деген тобокелчиликти жаратат. Бирок бул дайыма эле ушундай болот дегендик эмес. Анткени айрым мамлекеттик уюлдук операторлор жакшы көрсөткүчтөргө ээ болуп, кардарларына жеткиликтүү жана ишенимдүү кызматтарды көрсөтө алышкан. Мында ар бир өлкөнүн конкреттүү контекстти жана жөнгө салуучу чөйрөсүн эске алуу маанилүү.

ТОК ЭТЕР ЖЕРИН АЙТКАНДА...

# Газыбыз жок болсо дагы, мамлекетибиз бар го...

Жогорку Кеңештин депутаты Жеңишбек Токторбаев калкты газ менен камсыз кылуу маселесинде ток этер жерин айтты. Кычыраган суукта газды өчүргөн ишкананын жетекчилерин сынга алып, “Керек болсо “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимди кайра карайлы” деди. Бирок, бул кеч калган кыйкырык болуп калды. Депутаттын жер тепкилегенинен майнап чыгары күмөн. Анткени, “Газпром Кыргызстан” компаниясынын келишимин жокко чыгаруу “Кумтөрдөн” да татаал. Себеби, келишимдин артында саясат деген мандем кылтыйып турат. Насилинде Жеңишбек мырзанын көтөргөн маселеси туура. Буга чейин бийлик тарабынан “Газпром Кыргызстан” компаниясына сес көрсөткөндөр болгон эмес.




“Газпром Кыргызстан” компаниясынын өкүлдөрүнүн парламенттин жыйынындагы берген маалыматы боюнча Жалал-Абад, Ош облустарындагы абоненттерге газ берүүнүн токтотулушу катуу сууктан улам газ түтүктөрүндөгү басымдын азайганына байланыштуу. Ошондой эле өлкөнүн түндүк тарабындагы ишканаларга газ берүүнү убактылуу токтото тургандыгын билдиришти. Ал эми аталган компаниянын башкы директорунун экономика жана финансы боюнча орун басарынын милдетин аткаруучу Арзымат Алдаяров Жогорку Кеңештин жыйынында, ишкана кирешесиз эле тариф менен иштеп жатканын жана кыргыз бийлиги “Газпром Кыргызстан” компаниясына 700 млн сом карыз экенин жар салды. Бир карасаң боор ачый турган фактылар. Кыргызстандын эли үчүн чыгашасына карабай иштеп жатыптыр. Ошол эле учурда “жыргайбыз” деп 1 долларга саткан компаниябыз, миллиондогон карызды кыргыз бийлигинин мойнуна илип койгонун кантебиз? Бул мыйзамченемдүү көрүнүш. Бийликке сес көрсөтүп туруу алардын табияты. Ошондой өкүмзордукка жол берип койгонубуз дагы чындык. Анда эмесе сөз башынан болсун.

Кыргыз бийлиги дейбизби, эл өкүлдөрүбү, айтор, убаданы берип, колду коюп, мөөрдү басып, анан эки өлкөнүн парламенттери тарабынан ратификациядан өткөрүп, Президенттер кол койгондон кийин ызы-чуу сала башташат. Алмазбек Атамбаев Президент болуп турганда “Кыргызгаз” ААКнын 100% үлүшүн Россиянын “Газпром” компаниясына символикалык түрдө 1 долларга сатып жибергени эсибизде. Ошол учурдагы депутат Ахматбек Келдибеков, “андай болсо “Кыргызгазды” мага саткыла” деген репликасын дагы унутпайлы. Бул чындыгында суверендүү өлкөнүн табиятына туура келбеген келишим болгон. Ошентип, Президент А.Атамбаев, Кыргызстанды газ, күйүүчү май менен камсыз кылууда бир эле «Газпром Кыргызстан» компаниясына көз каранды кылып койгон. А “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсы орустардын «Газпром» компаниясынын 100% ээлик кылган туунду ишканасы болуп эсептелет. Демек, булар мамлекеттик кызыкчылыкты көздөбөйт. Ошол эле учурда биздин бийликке түздөн-түз баш ийбейт. Алардын көздөгөнү пайда жана пайда.

Атамбаевдин жан жөөкөрлөрүнүн бири Фарид Ниязовдун маалыматы боюнча, “Кыргызгазды” 1 долларга сатып жибергенин колдоп, “Кыргызстан көгүлтүр отун менен камсыз кылууда көйгөйлөрдү башынан өткөрбөй калды. Мурдагы “Кыргызгаздын” чирип, эскирген жабдуулары жана 53 миллион доллар карызы бар болчу...” деп шефин алкаган экен. Ушул жерде бир окуя эске түшөт. “Кыргызгазды” орустарга сатат экен” деген сөз жүрүп жатканда, редакцияга бир кабар келди. Кыскасы, ошол учурдагы Мамлекеттик мүлк фондунун башчылыгы “Достук” мейманканасында “Кыргызгаз” ААКнын жылдык отчеттук жыйынын өткөрүп, жыйынтыгында Өзбекстанга газ үчүн миллиондогон доллар карызы бар экендигине карабастан, Ысык-Көлдөн бир пансионат сатып алуу чечимин чыгарышат. Ал пансионат А.Ширшов мырзага тиешелүү дешет. Мүлк фондундагы балдар пансионатты өткөрүп алуу аракеттерин көрүү үчүн тызылдап чуркап жүрүшөт. Бул дагы болсо, мамлекеттик ишкана менен пансионатты кошо сатып жиберүү амалы. Аталган фактылар боюнча убагында “Жаңы Ордо” гезитине жазылган болчу. Орустар мына ушундай шылуундукту билиштиби, айтор, “Кыргызгазды” алышкан эмес. Бирок, Фарид мырза айткан 53 млн доллардын ичинде кимдердин “жел козу” активдери өтүп кетти, кеч болсо дагы билип койсок зыяны тийбейт эле.

Туура, “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсынын калкты газ менен камсыз кылууда салымы бар. Газ боюнча дүйнөдөгү кризистик шартта туруктуу баа менен кардарларын өз убагында тейлеп келатат. 2016-жылдан бери 200 миңдеген калкты газ менен камсыз кылып, өндүрүшкө 400 млн доллардын тегерегинде инвестиция сатыптыр. Инвестор катары жогору баа берүү керек. Бирок...

Бирок, опурталдуу жагын карасак, Кыргызстан газ, күйүүчү май рыногунда “Газпром Кыргызстан ЖЧКсына байланып калгандыктан, эгемендүү өлкө болуп туруп, тиешелүү мамлекеттик мекемелер өз алдынча арзан бензинди Казакстандан, же Өзбекстандан, Түркмөнстандан газ сатып алуу үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзө албай жатпайбы. Бул бир. Экинчиден, бул ишкана мамлекеттин ичиндеги мамлекет болуп алды. Бийликти анчейин тоготто бербегендиги айкын боло баштады. Үчүнчүдөн, “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсы баштагы убадасына туруп, калкты газ менен толук камсыз кылуусу дагы күмөн. Себеби, аталган ишкана газды Өзбекстандан алып, Кыргызстандагы кардарларына сатып келет. Акыркы жылдардагы маалыматтарга караганда, Өзбекстанда жаратылыш газын ички керектөө көбөйдү. Ошондой эле өзбек бийлиги жаратылыш газын экспорттоону токтотуу планын бир нече жолу жарыялаган. Мунун себеби, кошуна өлкөнүн Кашкадарыя облусунда наркы 2,8 млрд долларлык жылына 3,6 миллиард куб метрге чейин кайра иштетүүгө жөндөмдүү уникалдуу заводду куруп коюшту. Заводдо өндүрүлгөн авиакеросин, дизель майы, нафта (нафта) жана суюлтулган газ ички рыноктун керектөөсүн гана камсыз кылбастан, өндүргөн продукцияларын экспортко чыгарууга үмүт артып отурушат. Мындай шартта, “Газпром Кыргызстан” ишканасы калкты жаратылыш газы менен камсыз кылууда альтернативдүү варианттысы сунуш кылыш керек эле. Азырынча, тыптынч. Бул маселенин экономикалык жагы.

Эми саясий өңүтүнө кайрылалы. Армения дагы газ чарбасынын 100 үлүшүн орустардын “Газпром” компаниясына өткөрүп берип коюшкан. Алардын оппозициясы Евросоюзга ыктап сүйлөй баштаганда, газдын басымы азайды эле армяндар бизден мурда аттап-буттап Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) кирип кетти. Кыргызстан деле ЕАЭБдин мүчөсү катары бириминдиктин жыргалын-кууралын бирге көрүп келе жатат. Канткен менен өлкөбүздүн экономикасы үчүн стратегиялык жактан маанилүү, ары кирешелүү тармак болгон газ, күйүүчү май продукциясы бир гана чет элдик ишкананын монополиясына айланып калганы суверендүү өлкө үчүн кечиримсиз иш го. Эгерде, “Газпром Кыргызстан” ишканасы кыргыз өкмөтүнүн айтканы менен болуп, өнүгүүгө бирге багыт алганда, анда Министрлер Кабинетинин төрагасынын токтому менен Энергетика министрлигинин алдында “Кыргызтранснефтегаз” мамлекеттик ишканасы түзүүнүн зарылчылыгы болбойт эле да. “Кыргызгаз” ААКнын материалдык-техникалык базасы эскилиги жетип, чирип калган күндө да, ал биздин ишкана болчу. Эми жаңы мамлекеттик ишкана газ тармагын өнүктүрүү үчүн баарын нөлдөн башташка туура келет. А 1 долларга ири ишкана түптөй албайсың. Жоопкерчиликтен качып, маанилүү ишкананы чет өлкөгө кармата берүүнүн сабагы ушул. Экономикалык барымтада калдык. Ошондуктан, мекенчил сезим баарынан жогору турушу кажет. Газыбыз жок болсо дагы, мамлекетибиз бар экенин унутпайлы.

Насилинде депутат Жеңишбек Токторбаев ток этер жерин айтты...

**Шекербек КАЛЫКОВ**

## Аялын машиналуу, баласын үйлүү кылам дегендер этият болгула

УКМКнын төрагасы Камчыбек Ташиев мамкызматка келип баюну көздөгөндөргө ачууланган тейде эскертүү берди. “Ушул жерде отургандар өзүбүздү тазабыз деп сезебиз, бирок ичинерде эмне болуп жатканын өзүңөр билесиңер. Өзгөчө, жергиликтүү бийлик, министрлер. Кесиптештер, кимдир бирөө иштегиси келбей жатса, эшик ачык. Баргыла да, бизнесиңерди кылып байып, жыргап жата бергиле. Мамлекеттик аткаминер бай жашабашы керек жана бай боло албайт. Аким, губернатор, министр болуп байыйм деген мурунку түшүнүктү алып ыргытыш керек. Мурда ар бир кызматтын “ставкасы” бар эле, азыр жетекчилердин бир тыйын алуу оюнда жок. Силер деле ошентип иштей бергиле. Мэр болсоңор эле “каяктан байысам, аялыма машина, балама үй алып берейин” деп атасыңар, маалыматтар бизде бар. Таза жүргөн жакшы, тигини-муну алып берем деп жатып балээге калып жатасыңар. Этият болгула!” деди Ташиев. Атайын кызматтын башчысы үй керек болсо өкмөткө кайрылып, жеңилдетилген шарттагы ипотека аркылуу алууну сунуштады. Ошондой эле Ош шаарындагы УКМКнын тергөөчүсүн ИИМ жана Башкы прокуратура менен биргеликте кылтакка илишкенин, күч органдарынын арасында эч кандай пикир келишпестиктер жок экенин кошумчалады.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

## РЕГИОНДОРДУ ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДДОРУ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Региондорду өнүктүрүү фонддорунун ишин өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 34-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө типтүү жобо 1-тиркемеге ылайык;
- социалдык жана инфраструктуралык долбоорлор үчүн каржылоону алууга өтүнмө 2-тиркемеге ылайык;
- экономикалык долбоорлор үчүн каржылоону алууга өтүнмө 3-тиркемеге ылайык;
- социалдык жана инфраструктуралык долбоорлорду тандоо критерийлери 4-тиркемеге ылайык;
- экономикалык долбоорлорду тандоо критерийлери 5-тиркемеге ылайык;
- Социалдык жана инфраструктуралык долбоорлорду максаттуу каржылоо жөнүндө келишим 6-тиркемеге ылайык;
- Регионду өнүктүрүү фонду менен банктын ортосундагы экономикалык долбоорлор боюнча кредиттерди финансы-техникалык тейлөөгө укуктарды өткөрүп берүү боюнча типтүү макулдашуу 7-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар үч айлык мөөнөттө Региондорду өнүктүрүү фонддорунун уставдык документтерин ушул токтомдун 1-пунктуна ылайык келтирсин.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 14-октябрындагы №220 "Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу типтүү жобону бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №376 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 14-октябрындагы №220 "Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу типтүү жобону бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 16-январы, №20***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 11-МАРТЫНДАГЫ №131 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНИН 289, 297, 298 ЖАНА 299-БЕРЕНЕЛЕРИНИН ТАЛАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана азык-түлүк товарларына рыноктук бааларды турукташтыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №131 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 289, 297, 298 жана 299-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 11-тиркемесинин үчүнчү сабы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | |
|---|---|
| 1001 99 0000 | Буудай жана меслин башкалар, үрөндүк эмес |

".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 13-январы, №11***

## ОШ ШААРЫНЫН ЖАНА ОШ ОБЛУСУНУН ИШКЕРЛЕРИН ТЕЙЛӨӨ БОРБОРУН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында ишкердик ишти колдоо жана өнүктүрүү, мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы №352 токтому менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Ош шаарынын жана Ош облусунун ишкерлерин тейлөө борборун (мындан ары - Борбор) ачуу боюнча чараларды көрсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Борборду түзүү жана иштетүү менен байланышкан уюштуруучулук-техникалык маселелерди чечсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинин 3-пунктунда:

- "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги" деген саптагы "4867", "961" деген цифралар тиешелүү түрдө "4882", "964" деген цифраларга алмаштырылсын;

- "ведомстволук бөлүмдөрү" деген саптагы "4084", "768" деген цифралар тиешелүү түрдө "4099", "771" деген цифраларга алмаштырылсын.

**4.** Борбордун ишине тартылган мамлекеттик органдар ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 13-январы, №12***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 30-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №557 «МЕНЧИКТЕШТИРИЛҮҮЧҮ ТУРАК ЖАЙДЫН НАРКЫН АНЫКТОО ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 61-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-сентябрындагы №557 «Менчиктештирилүүчү турак жайдын наркын аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Менчиктештирилүүчү турак жайдын наркын аныктоо тартибинде:

5-таблица төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

"

| | | |
|---|---|---|
| 5 | 2015-2022-жылдары | 30 |

".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 13-январы, №14***

## БААЛУУ КАГАЗДАР РЫНОГУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Финансылык уюмдардын финансылык туруктуулугунун, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучуларынын минималдуу уставдык капиталын түзүүнүн төмөнкүдөй мөөнөттөрү белгиленсин:

1) депозитардык ишти жүзөгө ашырган:
2024-жылдын 1-январына чейин - 10 млн сом;
2025-жылдын 1-январына чейин - 20 млн сом;

2) баалуу кагаздар рыногунда сооданы уюштуруу боюнча ишти жүзөгө ашырган:
2024-жылдын 1-январына чейин - 30 млн сом;
2025-жылдын 1-январына чейин - 50 млн сом;

3) брокердик ишти жүзөгө ашырган:
2024-жылдын 1-январына чейин - 5 млн сом;
2025-жылдын 1-январына чейин - 8 млн сом.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-августундагы №467 «Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучулары үчүн белгиленген өздүк каражаттардын жетиштүүлүгүнүн нормативдик көрсөткүчтөрү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучулары үчүн белгиленген өздүк каражаттардын жетиштүүлүгүнүн нормативдик көрсөткүчтөрү жөнүндө жободо:

- 6-пунктта:

экинчи абзацтагы «50000» деген цифралар «200000» деген цифраларга алмаштырылсын;

үчүнчү абзацтагы «250000» деген цифралар «500000» деген цифраларга алмаштырылсын;

алтынчы абзацтагы «35000» деген цифралар «80000» деген цифраларга алмаштырылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 1-сентябрындагы №526 «Баалуу кагаздар рыногуна кесипкөй катышуучунун квалификациялык күбөлүгүн алуу укугу үчүн талапкерлерди квалификациялык аттестациядан өткөрүү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Баалуу кагаздар рыногуна кесипкөй катышуучунун квалификациялык күбөлүгүн алуу укугу үчүн талапкерлерди квалификациялык аттестациядан өткөрүү жөнүндө жободо:

- төмөнкүдөй мазмундагы 1[1]-глава менен толукталсын:

**«1[1]. Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун талапкерлерине карата квалификациялык талаптар**

Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун квалификациялык күбөлүгүн алуу укугуна талапкерлер төмөнкүдөй квалификациялык талаптарга ылайык келүүгө тийиш:

- жогорку билими болууга;

- кынтыксыз ишкер аброюна ээ болууга.

Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун квалификациялык күбөлүгүн алуу укугуна талапкер төмөнкүдөй учурларда кынтыксыз ишкер аброюна ээ эмес же аны жоготкон деп эсептелет:

- эгерде анын экономика чөйрөсүндө кылмыш жасаганы үчүн алып салынбаган соттуулугу болсо;

